

Долбоорду "Таза" экологиялык коомдук фондусу жетектейт жана демөөрчүсү "Руффорд" фондусунун чакан грант программасы.



Долбоорду ишке ашыруудагы негизги шериктештери «Токой» коомдук фондусу, Жалалабат мамлекеттик университетинин студенттери жана №22 Камал Тагаев мектебинин окуучулары жана мугалимдер жамааты.



"ТАЗА" экологиялык коомдук фондусу
Жалалабат облусу
Базаркоргон району
Бешикжон айыл өкмөтү
Баймундуз айылы
Телефону: 00772-274532
Email: ecofund_taza@yahoo.com

Rufford Small Grants Foundation (RSGF)
5 th floor BABMAES house
2 BABMAES Street
London
SW1Y 6HD
Fax: +44 (0)20 7925 2583
josh@rufford.org
www.ruffordsmallgrants.org



ТАЗА

The Rufford Small Grants Foundation



## Бешикжон жана Акман Айыл Өкмөттөргө айлана чөйрөнү коргоо боюнча билим берүү жана жергиликтүү калкты жаратылышты коргоого үндөө долбоору










Бешикжон жана Акман айыл өкмөттөрү Жалалабат облусуна караштуу Базаркоргон районунда 650-700 метр деңиз денгээлинен бийиктикте жайгашып, көптөгөн ариддик аймакта жашоочу жаныбарлардын мекени болуп саналат.

Акыркы жылдардагы калктын өсүүсү, малдын көбөйүшү, айыл ресурстарын баш аламан пайдалануусу жана калктын экологиялык билиминин томондүгүнө байланыштуу айылдын жаратылышынын абалы кескин төмөндөп, жер-көчкү, суу ташкындары тез-тез кайталанууда.

Андан сырткары, таза суунун жетишсиздиги бирден бир негизги проблема болуп, жергиликтүү калктын ден- соолугуна тер с таасирин тийгизип, оору-сыркоонун саны жылдан жылга көбөйүүдө.





Ошондой эле, бул аймактардагы эндемикалык канаттуулар менен жаныбарлардын жок болуп кетүү коркунучу пайда болууда.

Айылдын жаратылышы жана аны келечеги жергиликтүү калкка көз каранды жана кийинки муунга өткөрүп берүү алардын милдети. Бул долбоордун максаты элге жана мектеп окуучуларына жаратылышты коргоо боюнча терең түшүндүрүү иштерин жүргүзүү менен алардын айлана-чөйрөгө болгон жоопкерчилигин күчөтүү.

Долбоор төмөнкү иштерди жүзөгө ашырат:

- Мектеп окуучуларына айылдын жаратылышы жана анын биотүрдүүлүгү боюнча түшүнүк берүү;
- Кызыл китепке катталган канаттуулар жана жаныбарлар боюнча кеңири түшүнүк берүү, аларды коргоону уюштуруу;
- Таза сууну иштетүү жана тазалоо боюнча кеңири түшүнүк берүү;
- Мектеп окуучулары үчүн питомник уюштуруу;
- Жергиликтүү калк үчүн жаратылышты коргоо иштерин алып баруу жана маалымат таратуу.








